3. Бул багыттагы системанын эффективдүү иштеши үчүн юристтер ортосунда жүктөмдүн бирдей эмес бөлүштүрүлүшү, эсеп-кысап берүүдөгү кыйынчылыктар жана каржылоонун жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөргө көңүл буруу зарыл экендиги белгиленген. Жалпысынан мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттардын ишмердүүлүгүн андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү сот адилеттигине жеткиликтүүлүктү камсыз кылууда жана коомдун бардык мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоодо негизги ролдо экендиги тастыкталган.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Мазаев, В.Д.** Общая характеристика законодательного обеспечения бесплатной юридической помощи в России: Аналитический доклад [Текст] / В.Д.Мазаев / Институт права и публичной политики. – М.: Акварель, 2011. – 68 с.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. - Бишкек, 2021.
3. Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 10-августундагы №91 «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы.
4. Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 14-июлундагы № 135 "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамы (2023-жылдын 28-февралындагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен).
5. **Djorobekova, A.M.** Labour migration and forced labour in the context of economic integration: new challenges and realities: statement of the problem [Текст] / A.M. Djorobekova, A.Sh. Khamzin, A.V.Boretskiy, Sh.F. Fayziev // Вестник инновационного евразийского университета. - 2020. - № 4 (80). - С. 56-61.
6. **Абдикерим, к. Г.** Адвокат-жактоочунун укуктук абалы жана аны өркүндөтүү маселелери [Текст] / Г. Абдикерим к. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2021. - №4.- С. 259-262.
7. **Абдикерим, к. Г.** Теоретические аспекты основных направлений развития адвокатуры Кыргызской Рреспублики [Текст] / Г. Абдикерим к. // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. - 2020. - № 2 (29). - С. 204-210.
8. **Палеев, И.М.** Адвокатское право в системе адвокатских образований: сравнительно-правовой анализ [Текст] / И.М.Палеев // Гражданин и право. - М.: Новая правовая культура, 2010.- №7. - С. 26-32.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.427

Поступила в редакцию: 24.04.2024 г.

**УДК 342.53**

***Нарматов Н.К.***

*к.ю.н., доцент Жалал-Абадского гос. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*

## ПАРЛАМЕНТТИК ФРАКЦИЯЛАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУДАГЫ РОЛУ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары парламенттик фракциялардын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишин уюштуруудагы ролу каралган. Изилдөөнүн максаты - парламенттик фракциялардын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишин уюштуруудагы ролун жана ордун аныктоо. Изилдөөлөрдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана окумуштуулардын илимий эмгектерин талдоо методдору колдонулган. Өлкөнүн ордундуу көйгөйлөрүн чечүүдө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги парламенттик фракциялардын ролунун жана ордунун маанилүүлүгү мыйзам чыгаруу чөйрөсүндө байкалары белгиленген. Парламенттик фракциялар мыйзам чыгаруу жараянында активдүү катышуучулары катары чыгышары тастыкталган. Парламенттик фракциялардын ролу жана орду саясия партия өзүнүн шайлоо алдындагы платформасында кандай убадаларды берип жана ишке ашыруу үчүн анын фракциясы парламентте кандай иштерди жасап жаткандыгы менен аныкталышы өзгөчө белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *Конституция; Кыргыз Республикасы; Жогорку Кеңеш; парламенттик фракция; мыйзам чыгаруу; коалиция; саясия партия.*

## РОЛЬ ПАРЛАМЕНТСКИХ ФРАКЦИЙ В ОРГАНИЗАЦИИ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ЖОГОРКУ КЕНЕША

*В данной работе в качестве предмета исследования рассмотрена роль парламентских фракций в организации деятельности Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. Цель исследования - определить роль и место парламентских фракций в организации деятельности Жогорку Кенеша Кыргызской Республики. В исследованиях использованы методы анализа законодательства Кыргызской Республики и научных трудов ученых. Отмечена значимость роли и места парламентских фракций в Жогорку Кенеше Кыргызской Республики в решении актуальных проблем страны в законодательной сфере. Подтверждено, что парламентские фракции выступают в качестве активных участников законодательного процесса. Роль и место парламентских фракций особенно подчеркивается и определяется тем,что какие обещания партия дает и реализует на своей предвыборной платформе, какие законы разрабатывает и предлагает фракция в парламенте.*

***Ключевые слова:*** *Конституция; Кыргызская Республика; Жогорку Кенеш; парламентская фракция; законодательство; коалиция; политическая партия.*

## THE ROLE OF PARLIAMENTARY FACTIONS IN ORGANIZING THE ACTIVITIES OF THE JOGORKU KENESH

*In this paper, the role of parliamentary factions in the organization of the activities of the Jogorku Kenesh of the Kyrgyz Republic is considered as the subject of research. The purpose of the study is to determine the role and place of parliamentary factions in the organization of the activities of the Jogorku Kenesh of the Kyrgyz Republic. The research uses methods of analyzing the legislation of the Kyrgyz Republic and scientific works of scientists. The importance of the role and place of parliamentary factions in the Jogorku Kenesh of the Kyrgyz Republic in solving urgent problems of the country in the legislative sphere was noted. It is confirmed that the parliamentary factions act as active participants in the legislative process. The role and place of parliamentary factions is particularly emphasized and determined by the fact that what promises the party makes and implements on its election platform, what laws the faction in parliament develops and proposes.*

***Key words:*** *Constitution; Kyrgyz Republic; Jogorku Kenesh; parliamentary faction; legislation; coalition; political party.*

Парламенттин ишин уюштурууда жана парламентаризм институтун иштөө механизмин жандандырууда саясий партиялардын ролу абдан чоң жана маанилүү. Партиялар элдин саясий эркин көрсөтүүгө жардам берип парламенттеги депутаттарды шайлоого жана партиядагы депутаттарынан фракцияны түзө тургандыгы белгилей кетсек болот.

Парламентке партиялык тизме менен биринчи шайлоо 2000-жылы февраль-мартта болуп өткөн. Баш мыйзамга өзгөртүү киргизилген 1998-жылдагы конституциялык реформалар мындай шайлоо үчүн юридикалык негиз болуп калган [1]. Конституциялык түзөтүүлөргө ылайык курамына 60 депутат кирген Мыйзам чыгаруу жыйынынан жана курамына 45 депутат кирген Эл өкүлдөр жыйнынан турган эки палаталуу парламент болуп кала берген. Мында мыйзам чыгаруу палатасындагы 15 орун саясий партияларга берилген. Ага ылайык Жогорку Кеңешке шайлоонун пропорционалдык-мажоритардык системасы Кыргыз Республикасында шайлоо жөнүндөгү Кодекс бекемделген [2].

2000-жылдын февраль-мартындагы шайлоонун жыйынтыгы боюнча экинчи шайланган Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынына 15 депутат – ар түрдүү саясий партиялардын жана блоктордун өкүлдөрү шайланган.

Муну менен биринчи жолу Кыргызстандын парламентинин палатасында фракциялар жана депутаттык топтор түрүндө депутаттык бирикмелер пайда болду. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 8-беренсинин 2-бөлүгүндөгү укуктук норма Жогорку Кеңештеги депутаттык бирикмелерди түзүү үчүн мыйзамдуу негиз болуп [3], ага ылайык саясий партиялар мамлекеттик иштерге: Жогорку Кеңешке шайлоо үчүн өз талапкерлерин көрсөтүү; өкүлчүлүктүү органдарда

фракцияларды түзүү формаларында катыша алышат. Депутаттык бирикмелердин ишин уюштуруунун кеңири маселелери, алардын ыйгарымдары жана жүзөгө ашыруунун кепилдиктери регламенттик ченемдерде жөнгө салынган.

Төртүнчү жана бешинчи чакырылыштагы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу ишинин айырмалоочу өзгөчөлүгү ага саясий партиялардын фракцияларын парламенттик орган катары активдүү тартуу болуп калды.

Парламенттик функцияларды ишке ашырууда фракциялардын ролу өзгөчө мыйзам чыгаруу чөйрөсүндө байкалат. Кыргызстандын учурдагы мыйзамдары боюнча фракция мыйзам чыгаруу демилгесине укугу жок.

Анткен менен парламенттеги фракциялар мыйзам чыгаруу процессинин активдүү катышуучулары катары чыгууда. Себеби, биринчиден, демократиялык жол менен уюшулган коомдо мыйзам чыгаруу иши партиянын коомдук ишмердүүлүгүнүн негизги түрү катары каралат. Анын натыйжасы мыйзам түрүндө коомго реалдуу өндүрүштү сунуш болуп саналат.

Фракциянын мыйзам чыгаруу ишинин мазмундук жагы жана натыйжалары саясий партия билдирген идеалдарды жана кызыкчылыктарды, ошондой эле жарандык коомдун саясий институту катары анын практикалык натыйжалуулугун баалоого мүмкүндүк берген объективдүү критерий болуп саналат. Албетте, саясий партиялар мындай милдеттерди ишке ашырууда парламенттеги алардын фракцияларынын ролу баа жеткис.

Кыргыз Республикасындагы Парламенттик фракциялар Жогорку Кеңештин ишин уюштурууда гана эмес, ошондой эле өлкөнүн мамлекеттик жана коомдук турмушунун маанилүү маселелерин чечүүдө да олуттуу роль ойнойт.

Ошол себепке байланыштуу калыптанган коомдук мамилелер жана парламенттик фракциялардын иш практикасы буга күбө. Өлкөнүн маанилүү проблемаларын чечүүдө Жогорку Кеңештеги парламенттик фракциялардын ролуна зор маани берүү менен Кыргыз Республикасынын мурунку Президенти өз ишинин биринчи эле күнүндө Жогорку Кеңештин Төрагасы жана парламенттик фракциялардын башчылары менен жолугушуу өткөрдү [4]. Жолугушууда мамлекеттеги баардык көйгөйлөр тууралу сүйлөшүлдү ошондой эле мамлекетибиздин экономикалык, социалдык, саясий жактан өнүктүрү маселелери каралды. Сөз 2018-2040-жылдарга Туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы 2018-жылы февралда кабыл алынууга тийиш экендиги тууралу болуп жатат. Бул болсо Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүнүн жол картасын камсыз кылат деди жана фракциялардын башчыларын аны иштеп чыгууну талкуулоого жигердүү катышууга жана өз сунуштарын киргизүүгө чакырды. Бул жерде Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы боюнча улуттук кеңеш, Коопсуздук Кеңеши, Сот реформасы боюнча кеңеш меселени карай турган аянт боло алат, жана бийликтин бутактары реформаны пайдалуу жүргүзүп мамлекеттин өнүктүрүүнүн жолун сунушкыла алат. Мурунку мамлекет башчысы позитивдүү кайра түзүүлөрдү тездетүү жагынан парламентте мүмкүнчүлүктөр бар деп баса белгиледи.

Көрүнүп тургандай, мурунку мамлекет башчысы парламенттик фракциялардын башчылары менен жолугушууда Улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүдө гана эмес, ошондой эле 2018-2040-жылдарда республиканы туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын кабыл алууда, мамлекетти өнүктүрүү жолдорун сунуштоодо, мамлекетти чындап жана элдин турмушун жакшыртууда аталган органдардын реалдуу ордун жана ролун баса көрсөттү.

2021-жылдын 10-январында болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо менен 2020-жылы 5-октябрында элдик революциядан кийин Кыргызстанда башталган өткөөл мезгил аяктаган.

Эгемен Кыргызстан өзүнүн тарыхындагы кезектеги баракты жаңы мамлекет башчысы менен Министрлердин кабинети жана Жогорку Кеңештин жаңы жетекчилери менен жазмакчы. Ушундай жагдайда төмөндөгүлөр бийликтин бардык бутактарын, саясий күчтөрдү жана өлкөнүн партияларын бириктире турган күч болуп калууга тийиш:

– өлкөдө элдин гана кызыкчылыгында гана ишке ашырылуучу ак ниет жана абийирдүү мамлекеттик башкарууну орнотуу;

- эл алдында мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин жогорулатуу;

- коррупция жана кылмыштуулук менен элдешкис күрөш жүргүзүү үчүн мамлекеттик бийликтин бардык бутактарынын күч-аракетин бириктирүү;

- Жогорку Кеңештин жана Министрлердин кабинетинин ишинде натыйжалуулукту жана макулдашуучулукту камсыз кылуу;

- көз каранды эмес жана адилет сот системасын орнотуу;

Экинчиден, фракциялардын коалицияларынын ишинин бүткүл мезгилинде Конституциянын өзгөрбөстүгүн таанып жана андагы идеяларды жана принциптерди ишке ашырууга жана коргоого милдеттери, ошондой эле:

– мыйзамдын үстөмдүгү принцибин;

- Коалициянын бардык мүчөлөрүнүн тең укуктуулук принцибин;

- Коалициянын принциптерин бузган учурда жоопкерчиликтин кайта жангыстыгынын жана Коалициянын мүчөлөрү тарабынан элге жана мамлекетке каршы аракеттерге жана жаап-жашырууга жол берилбестик принцибин;

- Коалициянын бардык мүчөлөрүн урматтоо, өз ара түшүнүш жана өз ара колдоо көрсөтүү принцибин;

- Коалициянын ар бир мүчөсүнүн кызыкчылыгын тең жана пропорционалдуу коргоо (адилет квоталаштыруу) принцибин. Бир фракция бир кызмат принцибин.

- ММК аркылуу коомчулук үчүн маалымат жайылтуунун ачык-айкындык принцибин;

- Каолициянын баардык мүчөлөрү тарабынанан Каолициялык макулдашууну сактоонун милдеттүүлүгүн, Каолициянын бардык мүчөлөрүнүн макулдугу менен гана өзгөртүү киргизүү мүмкүнчүлүгүн сактоого таянат [5].

Бийлик бутактарынын тең салмактуулукту камсыз кылуу, алардын арасындагы карама –каршылыкты жоюу, мамлекеттик органдарынын жана кызмат адамдарынын көзкарандысыз дыгы жана өз алдынчалыгы жөнүндө

конституциялык жоболорду так сактоо. Келишимдин бул пункту эл бийлигин үстөмдүгүн, мамлекеттик бийликтеги бөлүштүрүүлөр жана жоопкерчиликтер, элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин камсыз кылуу.

Коалициялык келишимге кол коюлган учурдан тартып эки ай бою Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык уюшулган мамлекеттик бийлик институттарынын калыптануу жана чыңдалуу мезгилинде мамлекеттик бийликтин бирдей колдонулушун камсыз кылуу тууралуу Конституциялык принциптер жөнүндө мыйзам кабыл алуу аркылуу келишимдин ушул пункту ишке ашырылсын.

Кыргызстандын эл аралык статусун деңгээлинде камсыз кылуу, ал анын улуттук коопсуздугун, аймактык бүтүндүгүн жана мамлекеттик эгемендигин гарантиялайт, анын эл аралык таасиринин жана кадыр-баркынын жогорулашына көмөк көрсөтөт.

Кыргызстандын тышкы саясатын элдин гана кызыкчылыгына баш ийдирүү.Бардык мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен кызматташууну улантуу.Экономикалык, социалдык ж.б. чөйрөлөрдөгү өнүктүрүүнүн жана иш-аракеттин негизги артыкчылыктары Министрлердин кабинетинин программасында аныкталат.

Албетте, коалициялык келишим фракция жөнүндөгү жобо менен катар коалициянын курамына кирген парламенттик фракциянын ишин жөнгө салган өзүнчө бир документ болуп саналат.

Муну менен коалициялык келишим парламенттик механизмдер фракциянын социалдык ролунун көрсөткүчүнө айланууда.

Бул планда каралган демократиялык парламенттин ийгиликтүү иштеп кетүү үчүн фракциялар иштей баштайт, деп туура белгиленип кеткен, алар парламентти партиялык белгилери боюнча классификациялайт, парламенттик комиссиялардын комитеттердин, органдардын кесиптик-саясий курамын белгилеп кетет.

Парламенттик фракция ишмердүүлүктүн ортосунда гана турбастан, ортомчулдук кылуу милдеттенменида аткарып, парламенттин ортосундагы өз ара мамилени депутаттар менен да камсыз кылып турат, ошондой эле партиялык бирикмелер менен комитеттердин ортосун, парламенттеги жана аткаруу бийлигинин саясий жетекчилер менен массалык маалымат каражаттардын ортосун, жана акыры барып бийлик менен шайлоочу ортосун байлап бириктирип турат [6].

## Жыйынтык

Парламенттик фракциялардын ролу саясий партия өзүнүн шайлоо алдындагы платформасында кандай убадаларды берип жана ишке ашыруу үчүн анын фракциясы парламентте кандай иштерди жасап жаткандыгы менен аныкталары белгиленген.

## Адабияттар тизмеси:

1. Н.К. Нарматовдун юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын автореферааты. Ош шаары 2018 ж. https://iuk.kg.
2. Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекс / Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосту. – 1999. - № 9.- 436-берене
3. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды.
4. http://kabar.kg/news/sooronbai-zheenbekov-vstretilsia-s-toraga-i-liderami-fraktcii-zhogorku-kenesha/.
5. “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 25-ноябрь 2011-жыл, № 223.
6. Теоретико-правовые основы и деятельность депутатских фракций в Жогорку Кенеше (Парламенте) Кыргызской Республики. Нурматов Т.А. //Вестник КРСУ. – Бишкек, 2014. - № 6. – С.138-139.

DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.428

Поступила в редакцию: 25.04.2024 г.

УДК: 347.921

***Токтакун к. Г.***
*к.и.н., ст. преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Нийматжан к. Н.***
*преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

# СОТТОГУ ӨКҮЛЧҮЛҮК ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Изилдөөнүн предмети бул жумушта жарандык сот өндүрүшүндө соттук өкүлчүлүк түшүнүгү, соттук өкүлдүн ыйгарым укуктары жана процесстик статусу, соттук өкүлчүлүктүн ар кандай түрлөрүн ишке ашыруу механизми, ошондой эле соттук өкүлчүлүк институтунун натыйжалуулугун жогорулатууга таасир этүүчү факторлор саналат. Изилдөөнүн максаты – жарандык сот өндүрүшүндө укук мамилелери катары соттогу өкүлчүлүк жана анын түрлөрүн, жарандык процесстеги ролун теориялык талдоо. Изилдөөнүн ыкмасы – жумушта логикалык,*